**Ведомстволор аралык диссертациялык совет Д. 10.03.214.**

Кол жазма укугунда
УДК. 894.341(575.2) (043.3)

**ЗУЛПУЕВ АШИМ ЗУЛПУЕВИЧ**

# Табият көрүнүштөрүнүн акындар поэзиясында көркөм сүрөттөлүшү

Адистиги: 10.01.01 — кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**авторефераты**

Бишкек — 2003

Иш КРУИАнын Манастаануу жана көркөм улуттук борборунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРУИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор А. АКМАТАЛИЕВ

**Официалдуу оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор А. МУСАЕВ
филология илимдеринин кандидаты, доцент С. ИСКЕНДЕРОВА

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университети

Диссертациялык иш 2003-жылдын 3/X саат 10⁰⁰ Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу түзүлгөн (Тең уюштуруучу — КР УИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору) филология илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын ыйгаруучу Д 10.03.214 Диссертациялык советтин жыйынында корголот.

Адреси: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат таркатылды 25.08.03

**Диссертациялык советтин окумуштуу секретары, филология илимдеринин кандидаты** **А. КАДЫРМАМБЕТОВА**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Көркөм сөз өнөрү синтетикалуу мүнөзгө эгедер. Анда адам дүйнөсү турмуштун түмөн түрлүү жактары менен тыгыз байланышта, биримдикте чагылдырылат. Көркөм сөз өнөрүндө табият көрүнүштөрү ар түрдүү ыңгайда өтө жыш катышат. Өзгөчө элдик оозеки чыгармачылыкта ырчылар поэзиясында табият көрүнүшү катышпаган чыгарманы издеп табуу кыйын. Фольклордо, акындар поэзиясында табият көрүнүштөрүнүн идеялык-тематикалык объект, көркөм сөз каражаты, көркөм ыкма катары пайдаланылышы көркөмдүүлүк менен катар тарбия-таалим берүүчүлүк дагы, таанып билүүчүлүк дагы зор функция аткарып келген.

Көркөм сөз өнөрү адамзат турмушунун алгачкы учурунда табият көрүнүштөрүн аңдап билүү аракетине тыгыз байланыштуу синкреттүү мифологиялык аң-сезимдин кыртышында өнүм алып, кийинчерээк адамзат маданиятынын жана коомдук аң-сезимдин өзгөчө бир түрү катарында синкреттик искусстводон бөлүнүп чыккан. Образ түзүүдө, ойдун логикалык өсүшүн камсыз кылууда, өз алдынча окуяларды, көрүнүштөрдү конкреттүү идеяга бириктирүүдө, чыгарманын көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн, элестүүлүгүн арттырууда жомокчу, жамакчы, кошокчу, ырчылар тарабынан табият көрүнүштөрүн пайдалануу бирден-бир ыңгайлуу зарыл ыкма, көркөм каражат катары колдонулуп келген.

Демек, идеялык-тематикалык объект, чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттыруудагы зарыл каражат катары көркөм сөз өнөрү үчүн бай арсенал болуп берген табият көрүнүштөрүнүн адабият таануу илиминде акындар чыгармачылыгынын мисалында алгач изилденип жатышы иштин актуалдуулугун түшүндүрөт.

**Теманын изилдениш деңгээли жана иштин илимий жаңылыгы.** Поэтикалык семантиканын негизги катмарларынын бири болгон жаратылыштын образдар жанрдык-стилдик, идеялык-эстетикалык жактан атайын комплекстүү изилдөөнү талап кылат. Бирок, албетте, мындай комплекстүү изилдөөнү оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрүн, жанрларын камтып, анын ичине дастан, эпосторду айтуучулук өзлиги, поэтикалык традициялардын жалпылыгы менен акындар чыгармачылыгын кошуп жүргүзүү шаа жеткис чоң иш. Маселен, башка элдердин адабият таануу илиминде жаратылыштык образдардын ичинен жалаң бирөөнүн гана түркүн түстүү образына байланыштырып илимий иш жазылган учурлар кездешет[1]. Белгилүү окумуштуулар А. Н. Веселовский, А. А. Потебня, В. Пропп, Н. И. Костомаров өзүлөрүнүн элдик поэзиянын поэтикасына арналган эмгектеринде жаратылыштык образдарга өзгөчө баа берип, көп кайрылышкан.

[1] *Стунджене Б. И.* Образ дерева в литовских народных песнях//Автореф. канд. дис. — Таллин, 1990; Родионов В. Т. К образу лебеда в жанрах чувашского фольклора//Сов.тюркология. — 1983. — № 6. — С. 15—28; Велюс Н. Растения вяльянса в литовском фольклора /В кн.: Балтославянские исследования. — М., 1982. — с. 121—130 ж. б.

«адам баласы өзүнүн рух дүйнөсүн тышкы табиятты таанып билүү аркылуу калыптандырган жана өзүн ошол табияттын бир бөлүгү катары аңдаган»[1].

Ч. Айтматовдун бул айтканын биз сөз кылып жаткан маселеге карата тарыхый планда, көөнө замандын көркөм фактысынын (Бугу-Эне аңызынын) негизинде жалпылоочу мүнөздө айтылган ой корутундусу катары кабыл алсак болот. Бирок, ушул тарыхый, жалпылоочу жыйынтык пикирден ошондой эле чыгармачылыктагы табият көрүнүштөрүнө кайрылуунун эң негизги жана эң жөнөкөй себебине көңүлүбүздү бура кетсек.

Адам баласы адеп турмуш көрүнүштөрүн аңдап түшүнө, тааный баштаганда анын башкы таянычы аны курчап турган айлана-чөйрө болот. Ал, маселен, бир нерсенин актыгын сүткө, карга, булутка, көктүгүн асманга, караны түнгө, тунуктукту сууга, бийиктикти тоого, күлүктүктү атка, ылдамдыкты кушка, назиктикти гүлгө ж. д. у. с. салыштырып үйрөнүү аркылуу түшүнүгү калыптанат, ар нерсенин барк-баасын таанып билет, табити өсөт. Албетте, мындай таанып-билүүчүлүк фундамент таанып-билүүчүдөн түз эле искусство ишмерин жарата салбайт. Бирок ушундан улам адам баласындагы сулуулук, кооздук жөнүндөгү алгачкы түшүнүктү жаратакан, эстетикалык сезимин ойготкон башкы объект, табигый жол аны курчап турган жаратылыш айлана-чөйрө экендиги жана болгондугу өзүнөн өзү айкын болот.

Таанып билүүчүлүк менен көркөм чыгармачылык эки башка, айырмалуу түшүнүктөр. Ойдун бүтүндүгүн, толуктугун камсыз кылыш үчүн көркөм чыгармачылыктын, сөз искусствосунун келип чыгыш тарыхына, андагы табият көрүнүштөрүнүн көркөм чыгармачылыктын зарыл жана башкы маанилүү элементине айланып калыш тарыхынын түпкү себеп-шарттарына кыскача экскурс жасай өтөлү.

Биз азыр к ө р к ө м ч ы г а р м а деп атап жүргөн чыгармачылыктын алгачкы үлгүлөрү, мисалы, алгачкы сүрөттөр, табият көрүнүштөрү тууралуу миф, легенда жомоктун алгачкы үлгүлөрү адамзат коомдук өнүгүүнүн алгачкы баскычында жашап турган убакта азыркыдай болгон эмес, азыркыдай маани-маңызга, түшүнүккө тура келген эмес. Алардагы көркөмдүк мазмун алгачкы коомдук аң-сезимдин башка тарамдары: магия, мифология, мораль менен айрым уруулардын келип чыгыш тарыхын баяндаган жарым чындык, жарым фантастикалуу уламыштар менен, географиялык түшүнүктөр менен бөлүнбөс биримдикте болгон. Элдердин тарыхый турмушунун алгачкы баскычындагы түшүнүктөрдүн бул бөлүнбөс биримдиги илимде алгачкы коомдук аң-сезимдин «синкретизми» деп аталат. Азыр бул коомдук аң-сезимдин башка түрлөрүнүн катарында көркөм чыгармачылыктын да алгачкы башаты деп таанылган мындай синкреттүү «чыгармачылыктын» негизги предмети, объектиси адеп ж а р а т ы л ы ш болгон. Бул аң-сезимге жана «чыгармачылыкка» таандык башкы мүнөздүү белги албетте, конкреттүүлүк менен абстрактуулук, аналитикалуулук менен илимийлүүлүк эмес о б р а з д у у л у к болгон.

[1] *Айтматов Ч.* Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. — Ф., 1988. 168-бет.

Синкреттүү «чыгармачылык» түзгөн образдарга тигил же бул даражада фантастикалуулук таандык. Илимден бейдарек учурда адамдар табият жашоосун өздөрүнүн, адамдардын жашоосуна окшоштуруп, же тескерисинче өздөрүнүн жашоосун табият жашоосуна окшоштуруп баамдап түшүнүүгө, таанууга аракет кылышкан. Дүйнөнү кабылдоонун алгачкы анимисттик көз карашы боюнча жаныбарлар да, өсүмдүктөр да, табият кубулуштары да адамдар сыяктуу эле аң-сезимдин деңгээлине ээ, булар деле өз каалоо-ниетин ишке ашырууга, эсептешүүгө, ойлонууга жана сүйлөшүүгө жөндөмдүү деп түшүнүлгөн. Б. а. жаратылыш ж а н д а н д ы р ы л г а н, табиятты жандандыруу кийин көркөм сөз өнөрүндө өтө активдүү пайдаланылган көркөм ыкма катары калыптанып калды. Мындай ыкманы байыркы «Кожожаштан» тартып Жеңижоктун «Жалгыз талынан», андан Ч. Айтматовдун «Кыяматына» чейин кеңири кездештиребиз.

Жаратылышка көз каранды болуу менен адамдар анын кубулуштарынын маанисин, күчүн, өлчөмүн кыял түшүнүгүндө өзгөчө күчөтүп жиберишкен. Коомдук өнүгүүнүн «балалык доорунда» (К. Маркс) адамдарга турмуштук-жаратылыштык жекече көрүнүштөрдү абстракциялап, жалпы түшүнүк жаратуу мүмкүнчүлүгү али жетишсиз болгондуктан, алар, мисалы, өзгөчө бийик тоону, өзгөчө чоң сууну башка бардык тоолордун, суулардын түп башатындай, ээсиндей (энесиндей) элестетишкен, ж. б. у. с. карышкыр, жолборс, бүркүттөр жөнүндө жалпылап, жаныбар түрү катары ой жүгүрткөндө ар бир жырткыч, айбанат тукумун бир элеске куюлган, өтө эле зор, күчтүү жаныбар (Сур Эчки) катары түшүнүшкөн. Башкача айтканда алар табият көрүнүштөрүн беан түрүндө т и п т е ш т и р и ш к е н, г и п е р б о л и з а ц и я л а ш к а н. Дүйнөнү ушундайча таанып билүүнүн негизинде көптөгөн мифтер, жомоктор пайда болгон.

Француз композитор Жорж Бизе: «Общества, наиболее зараженные суевериями, были великими двигателями искусства. (...) У искусства своя философия»[1], — деп жазганындай коомдук өнүгүүнүн алгачкы баскычында көз жарган мифологиялык аң-сезимдин фантастикалуу-метафоралуу элес түшүнүктөрү өнүгүүнүн кийинки бардык баскычтарындагы көркөм чыгармачылык үчүн өз актуалдуулугун жоготкон эмес[2].

Ошентип, буга чейин айтылган жаратылыштык образдардын генезиси жөнүндөгү ойлорубузду кыскача жыйынтыктасак: көркөм чыгармачылыктын башкы элементтери — о б р а з д у у л у к, ж а н -

[1] Цитата алынды: Ибраимов К. Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы «адам табият» концепциясы. — Фрунзе. 1991. — 13-бет.

[2] *Ибраимов К.* Аталган эмгек. — 13-бет.

Ал эми кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында чагылдырылган табият көрүнүштөрү философ окумуштууларыбыз үчүн көптөн бери кызыктуу илимий объект катары кызмат кылып келүүдө. Окумуштуу философторубуз бул маселеге көп кайрылып, философиялык аспектиден жетиштүү деңгээлде илимий талдоолор жүргүзүшкөн жана бул багытта бүгүнкү күдө да илимий изилдөөлөр улантылып жатат[1]. Адабият таануу илиминде болсо акындар поэзиясындагы тигил же бул маселелерге, акындардын жеке чыгармачылык чеберчилигине байланыштуу табият көрүнүштөрү поэтикалык-семантикалык элемент катары айтылып өткөн учурлар кездешет. Албетте, биз кайрылып жаткан маселеге байланыштуу ошол чачкын пикирлерден бирдиктүү жыйынтыкка келүү, жалпы корутундуларды чыгаруу кыйын. Ошондуктан, биз өз ишибизде табият көрүнүштөрүнүн акындар поэзиясында чагылдырылышын системалуу анализге алууга, жыйынтыктуу пикир айтууга умтулдук.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык ишибиздин максаты табият көрүнүштөрүнүн көп аспектилүү көркөм функциясына акындар поэзиясынын мисалында кеңири анализ берүү. Ушуга байланыштуу изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

— табият көрүнүштөрү менен көркөм чыгармачылыктын карым-катышын кыргыз элинин табият жөнүндөгү коомдук-эстетикалык түшүнүктөрүнүн эволюциялык өсүшүндө талдоого алуу;

— табият көрүнүштөрүнүн акындар поэзиясынын көркөмдүк системасында ээлеген ордун, композициялык-функционалдык көп кырдуулугун аныктоо;

— жаратылыш темасындагы (Күн, Жер, От, Суу, Шамал жөнүндөгү, пейзаждык ж. б.) төкмө ырчылардын жана жазгыч акындардын чыгармачылыгындагы чеберчилик өзгөчөлүктөрүн аныктоо:

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** элдик оозеки чыгармачылыктын, жалпы эле филология илимдеринин ар кыл маселелерин комплекстүү чечмелеген фундаменталдуу иштер, Ж. Таштемировдун, С. Байхожоевдин, Р. Кыдырбаеванын, Б. Кебекованын, П. Ирисовдун ж. б. эмгектери түздү. Изилдөө конкреттүү-аналитикалык жана салыштырма-типологиялык принциптердин негизинде ишке ашырылды. Бул эки принципти айкалыштырып пайдалануу жалпылык менен өзгөчөлүктүн карым-катышын, каралып жаткан проблеманын көркөмдүк спецификасын, мыйзамченемдерин аныктоого жардам берет.

[1] *Алтымышбаев А.* Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. — Фрунзе, 1980; *Аманалиев Б.* Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголок Молдо (дооктябрьский период. — Фрунзе, 1963; *Байбосунов А.* Жаратылыш жана адам. — Фрунзе, 1986; *Джанибеков Дж.* Мировоззренческие и социально-этические проблемы в творчестве кыргызских акынов-мыслителей XIX и начале XX веков// Автореф. дисс. доктора филос. наук. — Ташкент, 1993; Жаныбеков В. Ойчул Молдо Кылыч XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз ренессансынын көрүнүктүү өкүлү//Филос. илимдеринин канд. ...дис. автореф. — Бишкек, 2003. ж. б.



**Иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Бул диссертациялык эмгегибиз акындар чыгармачылыгынын поэтикалык системасын тереңдетип өздөштүрүү ишине өз салымын кошо алат деп үмүттөнөбүз. Иш башка көркөм фактылык материалдардын поэтикасын элдик эстетикалык ой жүгүртүүнүн түпкү булактары, традициялык мыйзамченемдери менен тыгыз байланышта изилдеп үйрөнүүдө, табият аркылуу көркөм-образдуу ой жүгүртүүнү элдин турмушунун, каалоосунун, түшүнүгүнүн, ой жүгүртүү формаларынын чагылышы катары анализдөөдө табият көрүнүштөрүнүн образдарынын искусствонун башка тармагында чагылуусун андап үйрөнүүдө, анализдөөдө пайдалуу болушу мүмкүн. Диссертацияда камтылган маселелердин натыйжасынан алынган корутундулардын негизинде жогорку окуу жайдын филолог-студенттерине атайын курстарды, семинарларды өткөрүүдө жана орто мектептин окуучуларына эстетикалык жана экологиялык тарбия берүүдө пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Иштин негизги мазмуну мезгилдүү басма сөздө жана илимий басылмадагы жыйнактарда жарык көрдү, ОшМУда, ОшТУда өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда докладдар окулду. Диссертациялык иш КРУИАнын Манас-таануу жана көркөм маданият улуттук борборунун Проблемалык кеңешинде жана Окумуштуулар кеңешинде талкууланган.

Иштин структуралык түзүлүшү киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат.

## Иштин жалпы мазмуну

**Киришүү** бөлүмдө иштин актуалдуулугу, изилденип деңгээли, максат, милдети, илимий жаңылыгы практикалык мааниси, теориялык жана методологиялык негизи, апробацияланышы тууралуу маалыматтар камтылды.

**«Табият көрүнүштөрү акындар чыгармачылыгында көркөм каражат, көркөм ыкма катары»** деп аталган I главанын биринчи параграфында табият көрүнүштөрү менен көркөм чыгармачылыктын өз ара байланышы, объективдүү дүйнөнү таанып билүүдөгү турмуштук, жаратылыштык түшүнүктөрдүн образдык-символдук ар кандай көркөмдүк маанилерге ээ болушу табият жөнүндөгү коомдук түшүнүктөрдүн эволюциялык өсүш деңгээли менен бирдикте каралат.

Көркөм сөз өнөрүндө табият көрүнүштөрүнө кайрылуу ал жаралган алгачкы күндөн эле азыркыдай абалда боло койгон эмес. Адам бир убакта өзүн жаратылыштан бөлүп карай албаган сыңары, көркөм сөз өнөрү искусство катары калыптануунун алгачкы башатында табият көрүнүштөрү менен өтө тыгыз байланышта болгон.

Табият көрүнүштөрү, анын ар түркүн ажайып элестеринин көркөм сөз өнөрүндө орун алып калышынын тарыхый тамырлары өтө терең. Ал түгүл т а б и я т — оюбузду дагы тактап айта турган болсок, көркөм сөз өнөрүнүн, же дегеле кайсы гана искусствонун түрү болбосун түпкү башаты. Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов акыйкат белгилегендей

дандыруу, типтештирүү табият көрүнүштөрүн аңдап-билүү аракетине тыгыз байланыштуу алгачкы синкреттүү мифологиялык аң-сезимдин кыртышында өнүм алып, пайда болгон, бирок салыштыруу, гипербола, психологиялык параллель, символ, эпитет сыяктуу жаратылыштык негиздеги көркөм сөз каражаттары адегенде эле поэтикалык салттуулук жана көркөм ыкма катары калыптана койгон эмес. Ушул жагдайда белгилүү адабиятчыбыз С. Жигитовдун айткан пикирин келтире кетүү да ашыктык кылбайт деп ойлойбуз. Анын (Г. Д. Гачевдин «Содержательность художественных форм», М., 1968, 24—32-б.; Ю. Боревдин «Введение в эстетику», М., 1965, 195-б. эмгектерине таянып) айткан: «...азыр көркөм форма деп саналган нерсе бир убакта реалдуу турмуштун жандуу көрүнүшү болгон, анан ал көрүнүш адамдардын эстетикалык аң-сезиминде чагылып, бара-бара туруктуу форма алып, акырында мазмундуу формага же поэтикалык ой жүгүртүүнүн категориясына айланган»[1], — деген пикири абдан акыйкат айтылган.

XIX кылымда эле орус фольклорунун поэтикасы боюнча Н. И. Костомаров, А. А. Потебня, А. Н. Веселовский сыяктуу илимпоздордун илимий-концептуалдуу эмгектери жарык көргөн. Алар өздөрүнүн эмгектеринде элдик оозеки чыгармалыктын эң байыркы поэтикалык каражаты — символдук образдар жана психологиялык параллелизм деп эсептешет. Н. И. Костомаров символиканы формага эмес, мазмунга таандык деп көрсөтөт. Ал поэтикалык каражаттардын эң «улуусу» — элдик символика табигый диндин (анимизм, тотемизм, фетишизм) түздөн-түз уландысы деп эсептейт. «Одна и та же идея проявляется и в человеческом и в природном мире. Если народ имеет определенное понятие о духовном значении какого-нибудь предмета физического мира, то это значит, что этот предмет заключает символ для народа. Народные символы, расположенные в системе, составляют символику народа, которая служит важным источником для уразумения его духовной жизни. В общем смысле символика природы есть продолжение естественной религии»[2], — дейт окумуштуу. Ушуга үндөш ойду ошондой эле фольклорист, адабиятчылар К. Ибраимовдун[3] С. С. Бардахованын[4], В. Т. Радионовдун[5] эмгектеринен да кезиктирүүгө болот. Аллегория башка көркөм сөз каражаттарына салыштырмалуу коомдук маданий өнүгүүнүн кийинчерээк мезгилине таандык.

---

[1] *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. — Фрунзе, 1972. 27-бет.

[2] Цитата алынды: Т. М. Акимова. О поэтической природе народной лирической песни. — Саратов, 1966. 94-бет.

[3] *Ибраимов К.* Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы «адам — табият» концепциясы. — Фрунзе, 1991. — 153-бет.

[4] *Бардаханова С. С.* О некоторых образах животных в фольклоре бурят//Труды Бурятского института общественных наук. — 1970. — вып. 14.

[5] *Радионов В. Т.* К образу лебедя в жанрах чувашского фольклора//Сов. тюркология. 1983. — № 6. с. 19—28.



Биринчи главанын **«Жаратылыштык образдар акындар поэзиясында»** деп аталган экинчи параграфы эл ырчыларынын жана жазгыч акындардын чыгармаларындагы колдонулган жаратылыштын элементтерин символ, параллелизм, салыштыруу, метафора, метонимия сапатында аткарган идеялык-эстетикалык, композициялык функцияларын талдоого арналган.

Кыргыз элинин оозеки поэзиясында акындар чыгармачылыгына өзгөчө орун таандык. Акындар фольклордун бай казынасынан азык алып өз чыгармачылыгын өөрчүтүү менен катар ошол эле убакта элдик оозеки поэзиянын өнүгүшүнө, көркөмдүк жактан улам байып, улам толукталып, жеткилең формага өсүп жетишине акындар поэзиясынын кошкон салымы зор. Эл арасында аңыз болуп айтылып калган легендарлык акындар Токтогул, Кетбука, Асан кайгыларга чейин да, андан кийин да нечендеген акындар өмүр кечирип, жалпы элдик көркөм сөз мурасыбызга өз үлүшүн кошуп, эстафетанын үзүлбөй уланышына кызмат кылып өтүштү. Алардын көбүнүн аты-жөнү жыл жылып, мезгил өтүп, муун алмашкан сайын улам алыстап, унутулуп, бара-бара алар жараткан үлгүлөр баарын өз ичине сиңирген оозеки поэзиянын кучагына сиңип, элдик болуп калат.

Адабият таануу илиминдеги чыгармачылыктагы «традициялуулук» түшүнүгү «жаңычылдык» (новаторлук) жана «өз алдынчалуулук» (индивидуалдуулук) түшүнүгү менен маанилик өз ара катышта түшүнүлөт. Ал эми акындар поэзиясындагы традициялуулук жөнүндө башталган сөздү андан ары «жаңычылдык» терминине байланышта улантышка мүмкүн эмес. «Жаңычылдык» дегенибиз традициялуулукту тануу, анын канондорун бузуу, мурдагыга таптакыр окшобогон жаңыча жолду табууга умтулуу. Кечээки, андан мурунку, бүгүнкү импровизатор акындардын поэзиясына көз сала келгенде, бул чыгармачылыктын традициялуулук менен ажырагыс байланышта экендигине ынанабыз.

Акындардын поэзиясындагы ар бир таланттын жекече чыгармачылык абройуна шек келтирбей туруп, алардын өз алдынчалуулугун танбай туруп, ошол эле убакта акындардын чыгармачылыгы традициялуу эреже-жоболорго, импровизациялык поэзиянын белгилүү бир канондоруна абдан көз каранды экендигин белгилешке болот[1].

Төкмө ырчылар «айтайын деген ой-пикирлерин элдик поэзиядагы белен жанрдык формалардын туруктуу нугу менен гана өнүктүрүп, ошол формаларга салып гана ырдай алат»[2].

Ар бир чоң талант — чоң личность. Ал өзүнөн мурунку акындар нечен ирет кайрылып ырдаган темада, ошол айткан эле ойду айтып, ошол акындар пайдаланган көркөм сөз каражаттарын пайдаланып ырдаса да, ар бир импровизатор акын, албетте чоң акын, өз алдынча айтат, күчтүү айтат, таасирлүү айтат.

---

[1] *Асаналиев К.* Кыргыз элинин көркөм сөз мурасы/Китепте: Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. — Фрунзе, 1987. 17-бет.

[2] *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. — Фрунзе, 1972. 35-бет.

Маселен, бизге жеткен белгилүү ысымдагы улуу ырчылардын ичинен Бука ырчынын айтылуу Чыңгызханга баласы Жолчухандын өлгөндүгүн угузуусун алып көрөлү. Каардуу ханга баласынын өлгөнүн угуза албай адамдардын айласы куруйт. Ошондо Бука ырчы өтө акылдуулук менен элдик түшүнүккө ылайык каймана мазмундуу символдук каражаттарды колдонуп, комуздун муңдуу коштоосунда оор кайгыны Чыңгызханга (Айханга) жеткирет:

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым,
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын Ордо башынан,
Булбул качты, Айганым.
Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жыгылып,
Жер бөксөрдү, Айганым.
Ала-Тоо кулап, бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптатты,
Ынак өчтү, Айганым.

Бул угузуу ырында элдик көркөм сөз өнөрүнүн бай казынасынан «даяр форма, даяр образдардын пайдаланылышы» менен акындын жеке башына таандык чеберчилиги жокко чыгарылбайт. Акын «даяр» клишелерди пайдаланууда алардын кырдаалга, окуяга ылайыктуусун таап, сөздү сөзгө таасирлүү кынай билиш керек. Элдик эпикалык жана лирикалык поэзияда, өзгөчө лирикалык поэзиянын кошок жанрында көзү өткөн адам дайыма качкан тулпар, туурунан учкан куш, ураган тоо, соолуган булак, жыгылган терек ж. б. катары сүрөттөлгөн. Бука ырчы ошол традициялык образдарды кырдаалга жараша тактап, ал дулдулдун «алтын така күмүш мык» экенин, ал качкан булбул Алтын Ордо башынан учкандыгын кошо кабарлайт, башкача айтканда көзү өткөн адам сөөлөттүү ордонун адамы экендиги айтылат.

Бул угузуу, ага карата хандын жообу жазма поэзия болбогондон кийин, жана өз учурунда жазылып калбагандан кийин эл арасында анын бир нече варианттары пайда болгон. Экинчи бир вариантта негизинен ошол эле символдук каражаттар, башкача айтканда образсимволдор колдонулуп, ага «О, не болот, Айганым» деген риторикалык суроо жалгаштырылып түзүлгөн. Ал эми «Көктөн көнөктөп төгүлгөн жамгыр» адамдын көз жашы менен ассоциалашып жакын адамдын аза кайгысы башка түшкөнүн билдирүү менен угузуу ырына психологиялык-эмоциялык күчтүү эффект тартуулап турат.



Биз алдыда айтып өттүк, кайтыш болгон адам элдик кошоктордо, качкан тулпар, учкан куш ж. б. салыштырылат деп. Албетте, бул жерде «Алтындан кемер курчанган, айдай бетин нур чалган. Күмүштөн кемер курчанган, күндөй бетин нур чалган» деген сыяктуу жөнөкөй ачык салыштыруу менен символдук салыштыруунун айырмасын эстен чыгарбашыбыз керек.

Элдик лирикалык ырлардын поэтикалык табиятын иликтеген окумуштуу Т. М. Акимова символика образдар генезиси боюнча фольклористика илиминде негизинен эки түрдүү көз караштын бар экендигин белгилейт. Биринчи көз караштын башкы өкүлү катары окумуштуу А. А. Потебняны белгилесек болот. Потебня элдик поэтикалык символиканын келип чыгышын түпкү мифологиялык түшүнүк менен байланыштырат.

Экинчи көз караштын башкы өкүлү А. Н. Веселовский. Бул туурасында Т. М. Акимованын эмгегинде төмөндөгүдөй делет: «Веселовский считает, что первобытный человек сознавал себя слитым, единым с природой, что составляло его анимистическое мироощущение. Позже «уравнения» сменились «сравнениями». На этих представлениях и возник, по Веселовскому, важнейший поэтический прием народно-песенного языка-психологический параллелизм. А символ Веселовский рассматривает как разложение психологического параллелизма, приходя таким образом к выводу обратному чем Потебня, который считал, что сравнение само возникает на основе символа. Не приходится сомневаться в том, что основные теоретические положения Потебни гораздо ближе к истине, чем субъективно-идеалистические философские суждения Веселовского»[1]. Бул эки пикирдеги кайчы келген жагдай эле бул, Потебня боюнча символдордун мифологиялык аң-сезимден түздөн-түз келип чыккандыгы, ал эми Веселовский боюнча символ көркөм каражат катары салыштырмалуу кийин, психологиялык параллелизмдин негизинде келип чыккандыгы. Албетте, Потебнянын оюн жактаган Т. М. Акимованын пикирине биз да кошулабыз, ошол эле учурда Веселовскийдин пикирин да таптакыр жокко чыгарышка болбойт. Биздин оюбузча, бул маселеде дуализмге жол беришке болот. Себеби, символдук образдардын пайда болушу, өнүктүрүлүшү узак поэтикалык традицияларды камтыйт. Алгач символдук образдар адамдардын анимистик, фетиштик-тотемдик дүйнө кабылдоосуна ылайык пайда болгон. Мындай мифологиялык символдор кыргыз фольклорунда да кеңири учурайт. Ушул жагдайда белгилүү манастаануучу Р. Сарыпбековдун «Манас» энциклопедиясында эпостогу мифологиялык символдук

[1] *Акимова Т. М.* О поэтической природе народной лирической песни. — Саратов, 1966. — 97-бет.

образдар: Акшумкар, Байтерек, Кумайыкка карата берген түшүндүрмөлөрү абдан мазмундуу жана кызыктуу.

Адам турмушу, адамдардагы ар кандай мүнөздөр менен жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү туруктуу окшоштуктардан улам элдик эстетикалык түшүнүк, идеалдар, ага жараша ар кандай элдик образ-символдор иштелип чыккан. Мисалы кыраан куштар — күчтүү жырткыч айбандар маселен, арстан, жолборс, карышкыр — баатырдыктын, күчтүүлүктүн, түлкү — куулуктун, ак куу — сулуулуктун, булбул — чечендиктин, акындыктын символу. Мына ушул элдик эстетикалык идеал образ — символдор акындар поэзиясында кеңири катышат. Бирок акындардын чыгармачылыгына иликтөө жүргүзүүдө төкмө акындарыбыз, аларды өз чыгармаларында пайдаланууда символикалык формада эмес, эпитет, салыштыруу, образдык параллелизм формасында колдонушаарына күбө болдук. Маселен, Бука ырчынын угузуу ыры менен Токтогулдун «Жеңижокту жоктоо» ырын салыштырып көрөлү.

Бука ырчы:

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым,
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.

Токтогул:

Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар элең чегеде,
Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден.
Эми, туулбайт сендей пендеден!

Биринчи учурда «тулпарга» ,«шумкарга» адам аралаштырылбай, образ-символдор өзүнүн кайманалуулук касиетин толук сактап, турмуштук көрүнүштү «шарттуу белгилер» аркалуу туюндуруп турат.

Экинчи учурда ырдын жалпы мазмунуна көңүл бурбастан туруп эле алгачкы эки саптагы «тулпар», «шумкарга» көңүл бөлө турган болсок, аларга образдын маанисин айкындоочу «элең» аттуу сөз жалганып, адамдык мазмун кечиктирилбестен кийрилип, чыгаан акындын чыгаандыгы далилденип жатат.

Окуяны, ойду, көрүнүштү жаратылышты, образдар аркылуу символикалуу сүрөттөөдө алардын ортосундагы байланыш ичкериден, маанилик жактан болуп, сүрөттөлүп жаткан картина түпкү маниден обочолонгон абалда турушу зарыл. Маселен, мындай көрүнүшкө Жеңижоктун «Жалгыз тал» аттуу ырын келтирсек болот. «Жеңижокту 1875-жылы, 15 жаш кезегинде, ала болуп кеттин, элге жолобо — деп, Ташкара бий Аксыга кубалаган. Ошондо качып бара жатып, Бакайыр деген жерде жалгыз талды көрүп, элин-жерин кыялбай жалгыз талды кошуп ырдаган.



Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.
Эки талдын бирисин,
Эл журтуңан ажырап,
Эмине жалгыз жүрүсүң?»[1]

Жеңижок ата-энеден, уялаштан кудай айтпай, оорудан чүнчүп жүргөндүгү аз келгенсип, туулган жерден куулгандагы өзүнүн абалын жалгыз талга салыштырып, арманын айтып, бугун чыгарат.

Акындар поэзиясында көп пайдаланылган көркөм ыкмалардын бири — *параллелизм.* Параллелизм көбүнчө адам турмушун жаратылыштык көрүнүштөр менен катар коюп сүрөттөөнүн негизинде пайда болот. Мындай ыкмада катар коюлуп сүрөттөлүп жаткан көрүнүштөр бирин-бири ар тараптан толуктап турат. Параллелизмдерди түзүлүшүнө жана маанисине карата бир нече түргө бөлүүгө болот: 1) образдык — сүрөттөөчүлүк; 2) психологиялык; 3) ыргактык.

Параллелизмди ыктуу пайдалануу чыгарманын мазмундуулугун, көркөмдүгүн арттырууга зор таасир тийгизет. Калыгул олуянын көпчүлүк маселдери мына ушул параллелизм ыкмасы менен түзүлгөн.

Желип өмүр өткөн соң,
Жигит болбойт чал кайтып.
Аргымак атың арыса
Алмагы кыйын жал кайтып,
Чынарын кессең түбүнөн
Чырпык болбойт тал кайтып.
Чындап ажал келген соң,
Чыкса келбейт жан кайтып[2].

Жогорудагы ыр саптарында «ар нерсенин өз учурунда баркына жетип, баалап ал» деген накыл кеп турмуштук жана жаратылыштык бир нече окшош көрүнүштөрдү параллель коюп сапаттоонун натыйжасында конкреттүүлүккө, предметтүүлүккө, далилдүүлүккө ээ болуп, таасирдүүлүгү жогорулаган. Адамзат жашоосунан алынган ой-корутундулар канчалык так, конкреттүү айтылбасын далилдүүлүк, ишендирүүчүлүк жагынан аксайт. Ыктуу келтирилген жаратылыштын табигый жашоосунан алынган мисал кандай татаал, абстрактуу ой болбосун, аларга ачыктык киргизип жиберет.

Параллелизм ыкмасы ошондой эле көпчүлүк учурларда бир ойдон

[1] *Залкар акындар:* Жеңижок. — Бишкек, 1999. 77—78-беттер.
[2] Мурас. — Фрунзе, 1990. 32-бет.

экинчи ойлорго өтүүдө аларды бири-бирине жиксиз улаштыруучу композициялык көркөм каражаттын милдетин аткарат.

Күзгө маал болгондо
Кызылын бөлүп алууга
Кызыл бороон жел кымбат.
Эки дубан баш кошсо
Эрегишкен иш болсо
Баатыр Шабдан, сиз кымбат[1].

Акын Калмырзанын Шабдан ажыдан келгенде көрүшүп ырдаган бул мактоо мүнөзүндөгү ырындагы параллелизмдин биринчи, бороон жөнүндөгү бөлүгү Шабдан жөнүндөгү экинчи бөлүккө шайма-шай келип турат. Б. а. кырмандын кызылын бөлүп алыш үчүн бороон кандай кымбат болсо, эрегишкен ишти басууда баатыр Шабдан ошончолук кымбат деген ойду далилдөө аракети жасалат. Ал эми психологиялык параллелизмге Т. Сатылгановдун «Алымканындагы» «Букардын тоосу бурулуш, Бурулуп учат улуу куш...» деген саптарын классикалык үлгү катары мисал келтирсек болот.

Поэтикалык ойдун идеялык-тематикалык тереңдигин көркөмдүгүн, образдуулугун арттырууда акындар *салыштырууга* көп көңүл бурушат. Салыштыруу көбүнчө жаратылыштык образдардын эсебинен жүргүзүлөт. Токтогул өзүнүн «Дүнүйө» деген ырында бул дүйнөнүн өзгөрүлмөлүүлүгүн жаратылыштык образдарга салыштыруу аркылуу натурфилософиялык ыңгайда көркөм чечмелеп берет. Келээринде дүнүйө «толукшуп чыккан айдай», «мөмөлүү дарак шактай», «адырдан соккон желдей»,«жайкалган ырац чөптөй», «айчыгы алтын туудай» ж. б. болсо, кетеринде дүнүйө тескерисинче, «суу жүрбөгөн сайдай», «кышкы чилде муздай», «мөмөсү түшкөн шактай», кайыры жок байдай», экендиги салыштыруу аркылуу айкындалат.

Диссертациялык иште ошондой эле жаратылыштык көрүнүштөрдүн *метафора, метанимия, гиперболалык* көркөм сөз каражаттары катары ырчылардын жана жазгыч акындардын чыгармачылыгында аткарган көркөм функциялары кеңири адабий талдоого алынып, аларга кайрылуудагы акындардын жеке өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылынды.

Иштин II главасында жаратылыш темасы акындардын чыгармаларынын идеялык-тематикалык өзөгүн түзгөн учурлар анализге алынды. Бул главада негизинен «атактуу көчмөн философу», акын Асан кайгынын эл оозунда айтылып калган санат ырлары, Токтогул, Жеңижок, Барпынын Аккан суу, Жер, От, Шамал жөнүндөгү натурфилософиялык мазмундагы ырлары; жазгыч акындар Молдо Кылычтын, «Чүй баяны», «Жаныбар өсүмдүк», «Канаттуулар», «Зилзаласы», Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» аттуу чыгармалары жана акындар поэзиясындагы пейзаждык ырлар каралды.

[1] Залкар акындар: Калмырза, Чоңду, Эсенаман, Үмөталы. — Бишкек, 1998. 8-бет.



Ата-бабаларыбыз эзелтеден эле өз урпактарынын жер үстүндө бакубат жашоосунун камын көрүп, аларга ырыс-берекенин, тиричиликтин башаты болгон жаратылышка акыл-эстүүлүк менен аяр мамиле жасоо зарыл экендиги жөнүндө накыл ойлорду мурас калтырган. Алар макал-лакап, ырым-жырым ырларынан тартып уламыш, жомок, дастандарда сакталып калган. Ч. Айтматов «Зарыл тактоолор» аттуу макаласында адамзаттын турмуш тажрыйбасына таянган элдик акыл-эс илгертеден эле улам кийинки муунга жаратылыш байлыгын жана кооздугун коргоо, болгондо да «өзүнөн өзү коргоо» зарылдыгы жөнүндө элдик оозеки, чыгармалар аркылуу насыяттап келгендигин белгилейт[1].

Адам адам болгону байыртан жаратылыштын жашыруун сырларын түшүнүүгө, чечмелөөгө, колунан келсе билгенин башкаларга айтып жеткирүүгө, өз оюнун чындыгына жетүүгө аракет кылып келет. Ал аракет ар кандай деңгээлде, ар кандай өңүттөн болуп, түрдүү мамиле, кызыкчылыктар менен шартталышы мүмкүн. «Атактуу көчмөн философу», акын Асан кайгынын эл оозунда айтылып калган санат ырларынын, жаныбарлар жана адамдар жөнүндөгү ойлорунун негизин: жаратылышта бардык түрүү жандыктар пайдалуу, зыянга жаралган нерсе жокко эсе, ар бир жандык турмушта өзүнө таандык табигый ролун аткарат, ар бир жаралган жандык өз күнүн көрсүн, колдон келсе аларды жабыркоодон сактоо зарыл. Акындын ырларындагы ой-кыябы боюнча акыл-эстүү адам жан-жаныбардын башына кыйынчылык, түшкөн (кышкы жут, кургакчылык ж. б.) убакта мүшкүлдү сезе билип, колдон келген жардамды кылуу керек. Асан-кайгынын бардык жандууну аёо, сактоо жөнүндөгү дил-түйгүлары, жут маалында кырылып, тукуму үзүлүп, калбаса экен деген түпөйүл ойлору экологиялык тең салмактуулукту сактоо идеясы менен үндөшүп турат.

Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Боорунда буту жок
Жылан байкуш кантти экен?

Салган тамы жок,
Кылган камы жок.
Көзү-башын көгөртүп,
Көгөн байкуш кантти экен? —

деп кар калың түшүп, катуу жут болоор алдында Асан кайгы санаа тартып айткан экен. Ал чымын-чиркейден тартып балык, коён, элик, бөкөн, кийик, чымчык, каз, өрдөк, жыланга чейин, айтор жер үстүндө жашаган жандуунун баары жөнүндө ойлоп кайгырыптыр. Улуу гуманист Асан кайгынын бул акылман ойлору бүгүнкү күн

[1] *Айтматов Ч.* В соавторстве с землею и водою... — Фрунзе, 1978. с. 131.

үчүн да өз актуалдуулугун жоготпой, таасирдүү-тарбиялык функциясын аткарып келет.

«Он сегиз миң ааламды,
Жер үстүндө адамды,
Кошуп айтсаң бир кызык!
Бутактатып көбөйтүп,
Элди шаңга бөлөнтүп,
Сөзүн айтсаң бир кызык!
Адам ата, Умайдан,
Төгүп айтсаң бир кызык.
Дүйнө бинаа болгонун,
Жылдыз көккө толгонун
Камтып айтсаң — бул кызык!»[1] —

деп Жеңижок акын ырдагандай төкмө акындар кырдаал-шартка, адресатка карата учурашуу, кордоо, мактоо, сүйүү, айтыш, ырларынан, дастандардан сырткары талантынын, акылынын күчүнө жараша табият таануучулук темасында натурфилософиялык мүнөздөгү ырларды да жаратышкан. Мындай ырлардын ичинен «Аккан суу» темасы өзгөчө орунда турат. Бул темага Токтогул, Жеңижок, Барпы, Тоголок Молдо, Эшмамбет, Сулайман сыяктуу акындар кайрылышкан.

Токтогул «Аккан суу» ырында бардык тирүүчүлүк, жашоо суудан башталат деген ойду өнүктүргөн.

Кырк миң жыл жердин алдынан
Карып чыккан аккан суу.
Толгон айдай жаркырап,
Жарып чыккан аккан суу,
Булаң куйрук жер канат,
Балык чыккан аккан суу.
Курт-кумурска жандууну.
Багып чыккан аккан суу.

Токтогулдун «Аккан суусу» көлөмү жагынан чакан. Акын чындыгында бул теманы ушундай кыскача кайрып, чакан көлөмдө эле жаратканбы же Коргол ырчы[2] ушунчасын эле эсине сактап калганбы, — бизге белгисиз. Аккан суу темасын Жеңижок менен Барпы мазмундук жактан да, көркөмдүк жактан да жогорку деңгээлде иштеп чыгышкан. Аларда суунун пайдасы эле айтылбастан, поэтикалык элес образы түзүлгөн. Маселен Жеңижок аккан суунун элесин «Зоодон сынбай бир жери, кулап түшкөн аккан суу. Аяк, башын үзүлтпөй, улап түшкөн аккан суу» деп тартат. Барпыда бул элес мындайча кайталанат: «Эски болуп бир жери, сүзүлбөгөн аккан суу, Жүз жылдык жолго түз кетсе, үзүлбөгөн аккан суу». Барпынын «Аккан суу» ырынын философиялык мааниси терең, таанып билүүчүлүк сапаты жогору.

«Аккан суу» Жеңижоктун акындык дараметин кашкайтып дааналап турган чыгарма. Эл ичинде Жеңижоктун «Аккан сууну» жети күн айтып түгөтө албагандыгы айтылат. Акынды чеберчилиги ушунчалык жогорку чекке жеткен экен, ал турмуштук кайсы көрүнүштүн болбосун аккан суугa байланышын таап, ойду ойго кынап кете берүүгө кудурети жетет. Бул ырында акын өзүн мыкты пейзажист, лирик, философ, табият таанытkыч катары көрсөтө алган. «Аккан суудан» булактан деңизге чейинки суулардын элеси, анын жашоо үчүн мааниси менен катар жетимишке жакын чөптүн түрүн, бадал, дарак, айбанат, куштардын аталыштарын кезиктиребиз. Ал аккан суу — «күймөнсө атыр жыттанган, көркүнө киши суктанган, кыранда гүлдөй бөлүнгөн, кирпиктери төгүлгөн, кош-коштоп чачы өрүлгөн, көлдөгү куудай көрүнгөн кыздар келген аккан суу»; «карыяны көргөндө каада сактап уялып, өңүн суудан каранып, тотукуштай таранып, келиндер келген аккан суу»; жигиттер, кемпирлер, «санжыра кебин чуурутуп, чалдар келген», «мен кыйын деп жарышып, балдар келген» аккан суу.

Аккан суудан башка да жамы журтка жалпы таандык ыйыктар алар: Асман, Жер, От жана башкалар бар. Кыргыз эли байыртадан буларга зор ызаат менен мамиле этип, сыйынып келишкен. Элдин дүйнө-таанымы да, эстетикалык түшүнүгүндө суу жашоону өзөктүү башталмасы болсо, от ар кандай жамандыктардан сактоочу, тазалоочу энергиянын, күчтүн символдору катары кабыл алынган. Ошол себептүү, элибизде суу менен, от менен жасалчу ырым-жырымдар бар. Демек Суу жөнүндө ырдаган акындарыбыз ошондой эле Жер, От, Күн жөнүндө темаларга кайрылышы мыйзамченемдүү.

Жаратылыш көрүнүштөрү тууралуу интеллектуалдык-философиялык темага жазгыч акындардын ичинен Тоголок Молдо кайрылган. Ал кат-сабаттуу адам болгондуктан диний адабияттар, чыгыш жазма поэзиясынын үлгүлөрү менен тааныш болгон. Мындай тааныштык акындын чыгармачылыгына таасир этип, анын тамсил, поэма жанрларына көп кайрылышына себепчи болгон. «Жер жана анын балдары» аттуу поэмасы менен акын жаратылыш темасын ачып берүүдө ага жаңы форма — диалог формасын кийирип, Жер, Суу, Шамал, От, Жамгырды ар бирин өз алдынча кейипкер катары сүрөттөйт. Ал кейипкерлердин ар бири өзүнүн артыкчылыгын, пайдасын далилдөөгө аракеттенишет. Поэмасында ойчул акын Тоголок Молдо дүйнөнүн материалдык башталмасы суу, жер, шамал, от өңдүү төрт

[1] *Жеңижок.* — Фрунзе, 1982. — 119–120-бет.

[2] Токтогулдун «Аккан суусу» Коргол Досуевдин айтуусунда жазылып алынган.

стихиядан тураары; жамгыр — деңиз буусу, экендигин, от күндөн пайда болгонун «каармандарынын» диалогу аркылуу ынанымдуу, көркөм баяндап берет. Аалам сырларын көркөм-философиялык чечмелөөдө Барпы Алыкулов да Тоголок Молдонун поэмасындагы төрт көрүнүшкө кайрылып, «Аккан сууда» башталган идеялык-көркөмдүк багыт «Жер», «Күн», «Шамал» аттуу ырларында дагы өнүктүрүлүп, дагы тереңдетилет.

Акындар поэзиясында ошондой эле туулган жердин ыйыктыгы, флорасы, фаунасы, дегеле кыргыз жеринин жанга жагым кооздугу туурасында пейзаждык лириканын мыкты үлгүлөрүн кезиктиребиз. Токтогулдун «Жерди көргөндө», Женижоктун «Биздин жер», «Өскөн жер», «Жер соорусу Аксы экен», Солтобай Токтоболот уулунун «Текес менен коштошуу», «Жарыктыгым, Көл Ата», Молдо Кылычтын «Керме Тоо», «Чүй өзөнү» жана башка төкмө акындардын, жазгыч акындардын пейзаждык лирикаларында кыргыз жеринин керемет картинасы чагылган.

Иштин корутунду бөлүгүндө төмөндөгүдөй жалпы жыйынтыктар чыгарылды.

1. Табият көрүнүштөрү элдик оозеки поэзияда көркөм каражат катары троптун бардык түрлөрүнүн милдетин жана ошондой эле форма уюштуруучулук (мис. уйкаштык) милдеттерди да аткарып келген.

2. Төкмө ырчылар жана жазгыч акындар өз чыгармаларын жаратууда кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгындагы жаныбарлардын символдук, туруктуу мазмунга эгедер көркөм-семантикалык образдар системасынан пайдаланышат жана аны байытышат.

3. Табият көрүнүштөрү төкмө ырчылардын; жазгыч акындардын чыгармаларынын идеялык-тематикалык өзөгүн түзүп, Жер, От, Суу, Күн. Шамалга байланыштуу интеллектуалдык-философиялык чыгармалар жаралган.

4. Импровизатор-ырчылардын жазгыч акындардын поэзиясында табият көрүнүштөрүнүн идеялык-тематикалык объект, көркөм сөз каражаты көркөм ыкма катары пайдаланылышы бүгүнкү күндө да өзүнүн көркөмдүүлүгү менен катар тарбия-таалим берүүчүлүк, таанып билүүчүлүк зор функцияны аткарып келүүдө.

### Диссертациянын жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде жарыяланган:


1. Көркөм сөз өнөрүндөгү табият көрүнүштөрүнүн чагылдырылышы/Китепте: Көркөм адабиятыбыздын айрым проблемалары. — Бишкек, 2001. — 310—317-беттер.

2. Ырчылардын табият жөнүндөгү түшүнүктөрү//ОшМУнун 50 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. — Ош, 2001. — 321—325-беттер.





3. Көркөм сөз өнөрүндөгү эмпирикалык аңдап билүүнүн өзгөчөлүгү//«Ош-3000» илимий-практикалык конференциянын материалдары. — Ош, 2001. — 312—317-беттер.

4. Жаратылыштык образдар акындар поэзиясында/Китепте: Көркөм маданияттын проблемалары: генезис, поэтика, типология. — Бишкек, 2001. — 275—280 беттер.

5. Кыргыз ырчыларынын Жер жөнүндөгү түшүнүктөрү/«Ош-3000» илимий-практикалык конференциянын материалдары. — Ош, 2001. — 317—321-беттер.

6. Эмпирикалык аңдап-билүү жана эпикалык ойлом//Известия ОшТУ. — 2002. — № 1. — 142—147-беттер.

7. Барпынын «Дүйнө, сен!» деген ырынын формасы жана мазмуну// Известия ОшТУ. — 2002. — № 1. — 139—147-беттер.

## Резюме

Табият көрүнүштөрү турмуш чындыгынын орчундуу бөлүгү катары көркөм чыгармачылыктан идеялык-тематикалык объект, көркөмдүк каражаты катары илгерки замандан бери эле активдүү колдонулуп келген. Табият көрүнүштөрүнүн көркөм сөз өнөрүндө чагылдырылышынын эң мыкты үлгүлөрүн биз акындар поэзиясынан өзгөчө айкын сезебиз. Токтогул, Жеңижок, Барпы сыяктуу таланттуу төкмө ырчылар, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч сыяктуу таанымал жазгыч акындар табият көрүнүштөрүнө кайрылуудагы чеберчилигине, жекелик жана жалпы көрүнүштөргө диссертациялык иште кеңири анализ берилди.



## Резюме

Природа являющаяся значимой частью реальной действительности активно применялись в художественном творчестве из глубины веков как идейно-тематический объект, художественное средство. Превосходные образцы отражения их в словесно-художественном творчестве отчетливо наблюдается в акынской поэзии. В диссертационной работе широко проанализированы мастерство талантливых акынов-импровизаторов Токтогула, Жеңижока, Барпы, известных акынов письменников Тоголок Молдо, Молдо Кылыча в обращении к явлениям природы, рассмотрены как особенное так и общехарактерные черты.



## Summary

**«Artistic representation of natural phenomena in akyns' poetry»**

Nature, being an important part of real life, has been actively used in folk arts since ancient times as an ideological-thematical subject, art technique. Excellent examples of its reflection in verbal-artistic creative work are clearly observed in akyns' poetry. In the dissertation work the mastery of talented akyns-improvisers Toktogul, Jenijok, Barpy famous literery akyns Togolok Moldo, Moldo Kylytch in their address to the Natue phenomena were widely analyzed, both particular and common features of their creative were considered.





Формат 60x84 1/16. Печать офсетная.
Бумага офсетная. Объем 1,3 п.л.
Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии Ч.П. «Абыкеев.А.Э.»
г. Бишкек. Ул. Абдумомунова-193
тел:62-20-48